Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
жана Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын
2009-жылдын «30» апрелиндеги
№268/7/2 токтому менен жактырылды

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылга финансылык жана социалдык-экономикалык саясаты жөнүндө биргелешкен билдирүүсү**

## Киришүү

Макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасы 2008-жылы Кыргыз Республикасында тышкы соккулардын жана ички көйгөйлөрдүн таасиринин кесепетинен экономикалык өсүштүн темпинин басаңдагандыгын сезе баштагандыгын көрсөттү.

Бул процесске таасир кылган айрыкча олуттуу тышкы фактор бул азык-түлүккө жана энергия ресурстарына болгон дүйнөлүк баанын көтөрүлүшү болду, натыйжада азык-түлүк товарларына ички рыноктогу баалар 24,5 процентке, кызмат көрсөтүү 20,4 процентке өстү, ал эми 2007-жылдын декабрына салыштырганда керектөө бааларынын индекси жалпы 20,0 процентти түздү.

Дүйнөлүк финансылык кризистин уланып жатканына байланыштуу кыргыз эмгек мигранттарынан жумуш орундарын жоготушунун натыйжасында акчалардын келүүсү кыскарышы ыктымал.

Чет өлкөлөрдөн акчалардын келүүсүнүн кыскарышы коммерциялык банктардын депозиттик базасынын азайышына, ошондой эле чекене товар жүгүртүүнүн өсүш темпинин жайлашына жана ички инвестициялардын көлөмүнүн азайышына алып келиши мүмкүн.

Ошондой эле коңшу республикаларда жумушун жоготкон Кыргыз Республикасынын жарандарынын кайтып келүү мүмкүнчүлүгү бар, бул жумушсуздардын санын көбөйтүүгө алып келет жана республикада социалдык жактан оорчулукту түзөт.

Коңшу өлкөлөрдө курулуш тармагынын токтоп калышы менен пайда болгон курулуштагы өсүш темптин кыскаргандыгы байкалат, бул өз кезегинде тыштан курулуш материалдарына болгон сурамдын кыскарышына таасирин тийгизди жана тиешелүү түрдө ата мекендик ишканалар тарабынан аларды өндүрүүнүн көлөмүнүн кыскартууга алып келди. Алсак, 2008-жыл үчүн курулуштун дүң продукциясын өндүрүү 2007-жылдагы өндүрүү көлөмүнүн 89,2 процентин түздү. 2009-жылы курулуш материалдарына болгон сурамдын кыскарышын күтүүгө болот, анткени сурам 2007-жылдын аягында жана 2008-жылдын башында берилген кредит менен кармалып турган, андан соң кредиттөө чектелген, муну 2009-жылы да күтсө болот.

Мындан тышкары дүйнөлүк финансылык кризистин кесепеттеринин бири болуп дүйнөлүк банк системасындагы өтүмдүүлүктүн тартыштыгы эсептелет, бул өз кезегинде чет өлкөлүк инвестициялардын келүүсү кыскарышына жана тышкы карыз алуулардын кымбатташына таасир этти. Жогоруда баяндалганды, ошондой эле чет өлкөдө кээ бир финансылык мекемелердин банкроттук фактыларын эске алып, калктын банк мекемелерине болгон ишениминин төмөндөшүн күтүүгө болот, бул коммерциялык банктардын эсептеринде депозиттердин көлөмдөрүнүн-суммаларынын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын энергетикалык сектору дагы суунун тартыш мезгили болгондугунан жана Токтогул суу сактагычындагы суунун деңгээлинин жетишсиздигинен олуттуу кыйынчылыктарды тартууда, анын кесепетинен электр энергиясын керектөөгө чектөөлөр жана лимиттер киргизилген. Бул өндүрүштүн көлөмүнүн кыскарышына жана

ишкердик субъекттерин олуттуу финансылык жоготууларга алып келди. Кыргыз Республикасынын энергия системасында электр энергетикалык жабдууларынын моралдык жана техникалык жактан эскиргендиги байкалат, бул олуттуу капиталдык салымдарды талап кылат.

Энергетикадагы көйгөйлөр, ата мекендик продукцияларга ички жана тышкы сурамдын төмөндөшү, өнөр жай өндүрүшүнүн темпинин кыскарышы, инфляциянын өсүшү, калктын реалдуу кирешесинин кыскарышы, ишкердикти өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жана шарттардын кыскарышы Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүш темпине таасир кылат.

Жогоруда белгиленгендерди эске алып, ошондой эле экономиканын ар түрдүү секторлорунда экономикалык туруктуулукту сактоо жана колдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылга финансылык жана социалдык-экономикалык саясаты жөнүндө биргелешкен билдирүүсү иштелип чыкты.

## Макроэкономикалык саясат

Өлкөнүн макроэкономикалык саясаты республиканын экономикалык күч-кубатын арттыруу жана дүйнөлүк тенденцияны эске алуу менен экономикалык реформаларды улантуу аркылуу ишке ашырылат.

2009-жылга экономикалык саясатты ишке ашыруунун негизги максаты иш менен камсыз кылуунун, экономикалык өсүштүн, калктын туруктуу кирешесинин жетишилген деңгээлин сактап калуу үчүн шарт түзүү жолу менен камсыздалуучу Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык туруктуулугу болуп эсептелет.

Акча-кредиттик саясаттын негизги максаты, баштагыдай эле экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүүнүн зарылдыгын эске алуу менен баалардын туруктуулугун камсыз кылуу болуп эсептелет.

Экономикалык өсүш жана социалдык кепилдиктерди өз убагында каржылоо ар тараптан колдоого алынат. Салыктык-бюджеттик саясатты ишке ашыруунун негизги багыты бюджеттин жалпы тартыштыгын токтото туруу, ошондой эле республиканын азык-түлүк жана энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу болуп калат.

Тикелей чет элдик инвестицияларды тартуунун жетиштүү темптерин сактоо максатында өлкөнүн инвестициялык климатын жакшыртууга жана тиешелүү реформаларды жүргүзүүгө карата чаралар багытталат.

Ишкердикти өнүктүрүү үчүн «көмүскө» экономиканы мыйзамдаштырууга, административдик жол-жоболорду андан ары жөнөкөйлөтүүгө жана коррупцияны төмөндөтүүгө өзгөчө басым жасалат.

Бул максаттарга жетүү үчүн негизги шарт мамлекеттик башкаруунун сапатын жакшыртуу, банк системасынын туруктуулугун сактоо, ийкемдүү инвестициялык саясат жана коррупцияга каршы күрөшүү болуп калат.

Макроэкономикалык саясат биргелешип талкуулоо жолу жана тийиштүү министрликтер жана ведомстволор тарабынан чечим кабыл алуу жолу менен аныкталган макулдашылган мүнөздө болот.

Макроэкономикалык саясат 2009-жылы төмөнкү көрсөткүчтөргө жетишүүгө багытталат:

- ички дүң продукциянын реалдуу өсүшү кеминде 1 проценттин деңгээлинде болушуна;
- инфляциянын деңгээлин 15 проценттен төмөндөтүүгө;
- мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын ички дүң продукцияга карата 2,4 процентке чейинки деңгээлден ашырбоого;
- орточо эмгек акыны 1,8 процентке көтөрүүгө;

- айыл чарбасынын дүң продукциясынын 1,8 проценттен кем эмес өсүшүнө;
- өнөр жай продукциясынын 2,7 проценттен кем эмес өсүшүнө.

Бул үчүн 2009-жылы төмөнкү милдеттер чечилиши керек:

- макулдашылган акча-кредиттик жана салыктык-бюджеттик саясатты жүргүзүү;
- рынок институттарын бекемдөө жана жөнгө салуучу саясаттын чараларынын натыйжалуулугун жогорулатуу аркылуу чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө дем берүү;
- негизделбеген тоскоолдуктарды четтетүү жолу менен чет өлкөлүк тике инвестицияларды кошкондо жеке инвестицияларды көбөйтүүгө көмөк көрсөтүү;
- «көмүскө» экономиканы мыйзамдаштыруу;
- мамлекеттик карыздын деңгээлин азайтуу;
- азык-түлүк жана энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү;
- ички ресурстарды максимум пайдалануу, анын ичинде ири улуттук жана инвестициялык долбоорлор алдында узак мөөнөттүү облигацияларды чыгаруу, банктарды капиталдаштыруу, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ресурстарын пайдалануу;
- инфраструктураны колдоо жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана энергия натыйжалуулугун жогорулатуу аркылуу экономиканы модернизациялоо.

## Акча-кредиттик саясат

2007-жылы башталган жана өлкөдө инфляциялык жагдайга алып келген тышкы баалардын соккусунун таасири 2008-жылдын ичинде билинди. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инфляцияны токтотуу боюнча башка чаралары менен айкалыштырууда баа соккусуна жооп катары акча-кредиттик саясатты катаалдатуу инфляциянын темптерин төмөндөтүүгө тиешелүү таасир көрсөттү. 2008-жылдын экинчи жарымында баалардын жалпы деңгээлинин өсүү темпи төмөндөгөнүнө карабастан, туруктуулук жөнүндө айтуу али эрте. Дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн экономикасынын рецессия фазасына кириши Кыргыз Республикасынын соодадагы-өнөктөш өлкөлөрүн кошкондо өнүгүү жолундагы көпчүлүк өлкөлөрдө күтүлүп жаткан экономикалык өсүш темпинин төмөндөшү сөзсүз түрдө биздин өлкөнүн экономикалык өсүш темпине дагы таасирин тийгизет.

Буга байланыштуу 2009-жылдагы акча-кредиттик саясаттын негизги милдети узак мөөнөттүү келечекте туруктуу экономикалык өсүштүн бирден бир негизги шарты катары инфляциянын темпин токтото туруу жана баалардын жалпы деңгээлинин туруктуулугун кармап туруу болуп эсептелет.

2009-жылы акча-кредиттик саясаттын сандык критерийи (2008-жылдын декабрына карата 2009-жылдын декабрында) инфляцияны 15 проценттен төмөн түшүрүү болот.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы негизги максаттарга жетишүү үчүн керектүү жана болжолдонгон экономикалык өсүшкө жетишүүгө көмөк көрсөтүүчү көлөмдө акча массасын сунуштоону камсыз кылуу үчүн акча-кредиттик саясаттын шаймандарын пайдаланууну улантат.

Өтүмдүүлүктү башкаруу негизинен мамлекеттик баалуу кагаздар менен болгон операциялар аркылуу ишке ашырылат. Акча-кредиттик жана бюджеттик-салык саясатынын чараларын макулдашуу, ведомстволор аралык координациялык кеңештин алкагында ишке ашырылуучу баалуу кагаздардын өтүмдүүлүгүн жана аны чыгарууну жөнгө салуунун маселелери мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун тереңдетүүгө көмөк көрсөтөт.

Алмашуу курсунун саясаты мурдагыдай эле алмашуу курсунун өзгөрмөлүү тартибинде жүргүзүлөт. Улуттук банктын интервенциялары сомдун алмашуу курсунун өзгөрүүсүн жеңилдетүүгө багытталат. Валюта рыногун өнүктүрүүгө дем берүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2008-жылы башталган банктар аралык валюта рыногунда операцияларды жүргүзөт, алар менен банк валюталык активдердин түрлөрүн диверсификациялоону улантат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы акча-кредиттик саясатты иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн соода аянттарын, депозитарийлерди, баалуу кагаздар менен операциялар боюнча эсептешүүнүн системасын жана төлөм системасын модернизациялоого белгилүү ресурстарын багыттайт.

Банк системасынын туруктуулугун, натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, коммерциялык банктардын туруктуулугуна көмөк көрсөтүүгө багытталган аларды колдоонун таасирдүү механизмин түзүү, ошондой эле экономиканын реалдуу секторун кредиттөө максатында, «Кыргыз Республикасынын банк системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 8-январындагы №5 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына караштуу Банктарды кайрадан каржылоонун адистештирилген фондун түзүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

Калктын салымдарын кепилдөө максатында «Банк салымдарын (депозиттерди) коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору иштелип чыккан, ал кепилдик берилген салымдар боюнча ордун толтуруу суммасын: 20,0 миң сомдон 100,0 миң сомго чейин олуттуу жогорулатууну караштырууда. Мыйзам долбооруна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү коммерциялык банктардын үлүшүн кошкондо, Фонддун максаттуу багытынын суммасынан 100 процентти түзгөн салымды Депозиттерди коргоо фондуна бир гана жолу төлөйт, демек, «Банктык салымдарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кепилдик учурдун башталышына жана анын натыйжаларына тийиштүү ченемдер 2009-жылы күчүнө кирет. Мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Депозиттерди коргоо фондуна төлөгөн коммерциялык банктардын үлүшү тындырылганга чейин банктардын төгүмдөрү Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан республикалык бюджетке Депозиттерди коргоо фондуна Өкмөт төлөгөн сумманы тындыруу эсебине которулат.

## Бюджеттик-салык саясаты

Дүйнөлүк финансылык кризистин шартында Кыргыз Республикасы энергетикалык жана азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун көйгөйлөрүнө, баалардын олуттуу өсүшүнө туш болду. Аталган көйгөйлөр өлкөдөгү экономикалык өсүштүн темпинин басаңдашына таасир этүүчү өтүмдүүлүктүн деңгээлинин андан ары төмөндөшүнүн, капиталдын чыгып кетүүсүнүн, экономиканын тармактарын кредиттөөнүн көлөмүнүн төмөндөшүнүн андан ары өсүп бара жаткан тобокелдиктери менен тереңдейт.

Натыйжада реалдуу кирешелердин кыскаруусунун жана калкты иш менен камсыз кылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн азайышынын эсебинен жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашынын коркунучу түзүлөт.

Мындай шартта 2009-жылы бюджеттик саясат мамлекеттин социалдык жана экономикалык иш-милдеттерин ишке ашыруу боюнча мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга багытталат, бюджеттик тартыштыкты ырааттуу түрдө кыскартууга жана тиешелүү түрдө экономикага инфляциялык басымды азайтууга багытталат.

2009-жылга бюджеттик саясаттын негизги багыттары төмөнкүлөр:

- мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатуу;

- бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга экономикалык баалоо жүргүзүү системасын киргизүү;
- мамлекеттик милдеттенмелерди аткаруу жана социалдык кепилдиктерди камсыз кылуу;
- калктын жашоо деңгээлинин региондор аралык жиктелип бөлүнүшүн азайтуу.

Финансылык кризистин терс кесепеттерин токтото туруу боюнча чаралардын бири бюджеттин (тике мамлекеттик инвестицияларды кошо) тартыштыгын 2009-жылы ички дүң продукцияга карата 2,4 процентке чейинки деңгээлде камсыз кылуу болуп эсептелет.

Ошондой эле 2009-жылы өлкөнүн бюджеттик саясатын аныктоочу Бюджеттин орто мөөнөттүү болжолдоолорун иштеп чыгуунун форматын жана жол-жоболорун өркүндөтүү боюнча иштер улантылат. Чыгымдарды берүүнүн программалык форматын ырааттуулук менен киргизүү улантылат, бул анын жакырчылыкты кыскартууга таасир этүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Салык саясатын ишке ашыруу Кыргыз Республикасында ишкердик активдүүлүктү андан ары дем берүүгө багытталат. 2009-жылы салык саясатынын негизги багыттары төмөнкүлөр болот:

- мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексин андан ары өркүндөтүү;
- салыктык тескөөлөрдү жакшыртуу;
- Кыргыз Республикасында Лизингди өнүктүрүү программасын илгерилетүү;
- салык салууда ишкердик иш-аракеттердин бардык түрлөрү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- фискалдык органдардын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын андан ары камсыз кылуу;
- Салык кызматын модернизациялоо.

## Мамлекеттик карыз

Мамлекеттик карызды башкаруу карыз жүгүн акырындык менен жеңилдетүүгө багытында, анын ичинде тышкы карыздар боюнча төлөөнүн белгиленген графигин бир убакта сактоо менен тышкы карыз алууларды кыскартуунун эсебинен ишке ашырылат. Орто мөөнөттүү келечекке Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик карызын башкаруунун стратегиясынын чегинде жана мамлекеттик карыздын туруктуу деңгээлине жетишүү максатында, анын түзүмүн оптималдаштыруу жана мамлекеттик карызды натыйжалуу башкаруу үчүн негиз түзүү максатында төмөнкүлөр сунушталат:

- мамлекеттик тышкы карыздын жүгүн азайтуу;
- мамлекеттик карызды өз убагында тейлөө;
- тышкы карызды андан ары реструктуризациялоонун мүмкүнчүлүгүн караштыруу;
- Өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиясы долбоорунда (2009-2011-жылдарга) аныкталган артыкчылыктарга ылайык Мамлекеттик инвестициялардын программасынын чегинде натыйжалуу жана экономикалык жактан негизделген долбоорлорго 35 % тен кем эмес грант–элементтери бар жеңилдетилген тышкы кредиттерди тартуу;
- мамлекеттик баалуу кагаздарды биринчи рынокто кандай болсо экинчи рынокто деле дал ошондой өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик баалуу кагаздарды кармоочулардын чөйрөсүн кеңейтүү;
- мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жана жаңы түрлөрүн жайгаштыруу аркылуу ички карыз алуулардын көлөмүн көбөйтүү;
- мамлекеттик баалуу кагаздардын портфелин диверсификациялоо;
- тобокелдиктерди башкаруунун практикасын жайылтуу.

«Кыргыз Республикасынын 2009-жылга республикалык бюджети жана 2010-2011 жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык республикалык бюджеттин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн милдеттенмелерине карата мамлекеттик карызды тейлөө боюнча 2009-жылга чыгымдары 5,9 млрд сомду, анын ичинде ички карыз – 3,48 млрд сомду жана тышкы карыз – 2,5 млрд сомду түзөт.

## Реалдуу секторду өнүктүрүү

### Өнөр жай

Кыргыз Республикасы энергия ресурстарын импорттоого көз каранды шартында өнөр жайды туруктуу деңгээлде сактап калуу маанилүү болуп эсептелет.

Өнөр жай секторунда төмөндөөнүн мүнөздүү багыттары байкалып жаткандыктан, өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында диверсификациялоо боюнча чараларды көрүү зарыл. Аталган сектордун артыкчылыктагы багыттарын, өзгөчө социалдык жактан маанилүү өнөр жай тармактарын өнүктүрүү керек.

Өнөр жайды өнүктүрүү жана жетишилген өсүш темпин сактап калуу максатында 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аталган сектордун артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүүгө, өнөр жайдын артта калган жана социалдык жактан маанилүү ишканаларынын жана тармактарынын ишин жакшыртууга чаралар багытталат. Өнөр жай продукцияларын өндүрүү 2,7 проценттин деңгээлинде өсүшү, төмөнкү иш-чараларды жүргүзүүнүн эсебинен камсыз кылынат:

- буу казандарын катуу отундарга өткөрүүдө жана жаңы ири көмүр керектөөчүлөрдү-түштүк регионундагы цемент заводдорун пайдаланууга киргизген учурда көмүр сатуучу рынокторду кеңейтүү;
- 8 ден кем эмес скважинаны пайдаланууга киргизүүнүн эсебинен нефти казып алуунун көлөмүн көбөйтүү, геология-технологиялык иш-чараларды жүргүзүү жана скважиналарды горизонталдык бургулоонун заманбап ыкмаларын киргизүү;
- иштеп жаткан текстиль жана тигүүчү өндүрүшүн кеңейтүү жана жаңыларын ишке киргизүү, тигүүчүлүк технологиялык полисин түзүү, продукцияларды тышкы эл аралык рынокторго жылдыруу, өнөр жай продукцияларын экспорттоону көбөйтүү боюнча жагымдуу шарттарды түзүү;
- монокристалдуу кремнийди өндүрүү боюнча ишканалардын ишин жандандыруу, «Кристалл» акционердик коомунда поликристалдуу кремнийди өндүрүүнү ишке киргизүү, «Хайдаркан сымап комбинаты» акционердик коомунда кошумча чалгындоону интенсивдүү жүргүзүүнүн жана кенди казууга жана кайра иштетүүгө өнөр жайлык даярдоонун эсебинен сымап өндүрүүнү турукташтыруу, «Кадамжай сурьма комбинаты» акционердик коомунда сурьманы чыгарууну көбөйтүү;
- «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун ишин жандандыруунун эсебинен металлургия өнөр жайын өндүрүүнүн көлөмүн өстүрүү;
- даяр металл буюмдарын өндүрүүнү көбөйтүү боюнча шарттарды түзүү;
- мамлекеттик ишканалардын финансылык-экономикалык абалын жакшыртууга көмөк көрсөтүүчү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

## Айыл чарба

Айыл чарбасында өсүүнүн темпи басаңдагандыгы байкалат. Алсак, 2008-жылы айыл чарба продукцияларын дүңүнөн чыгаруунун өсүш темпи 0,7 процентти түздү, ал 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,5 процентти түзгөн.

Айыл чарбасы аба ырайынын шартына, техникага жана башка факторлорго көз каранды болгондуктан өлкөнүн азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана айыл чарба продукцияларына болгон калктын керектөөлөрүн канааттандыруу, ошондой эле агрардык сектордо калкты иш менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү максатында өлкөнүн айыл чарбасынын туруктуулугуна жана өнүгүүсүнө карата аныкталган мүнөздүү багыттарды маанилүү деңгээлде камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү чараларды көрүү зарыл.

Мындай чаралар менен ченемдик укуктук базаны, жер рыногун өнүктүрүүнү, кредиттик ресурстарга жетишүүнү, камсыздандыруу системасын өнүктүрүүнү андан ары өркүндөтүүгө жетишүүгө болот. 2009-жылы айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү 1,8 проценттин деңгээлинде өстүрүү төмөнкү иш-чараларды жүргүзүүнүн эсебинен камсыз кылынат:

- республиканын агроөнөржай комплексин өнүктүрүү үчүн кабыл алынган программанын аткарылышын камсыз кылуу;
- республиканын агро өнөр жай комплесинде кластердик долбоорду киргизүү жана региондорду адистештирүүнү киргизүү боюнча чараларды ишке ашыруу;
- ыктыярдуу негизде ар кандай түрдөгү кооперативдерди жана башка бирикмелердин түрлөрүн түзүү жолу менен чарбаларды (өзгөчө майда дыйкан чарбаларын) структуралык кайра өзгөртүп түзүү;
- суу чарбасынын ирригациялык системаларын калыбына келтирүү жана негизги өндүрүштүк фонддорду жаңыртуу;
- калктын каражаттарын кредиттик союздар, чакан кредит берүү системасы, аманаттардын коомдук фонддору аркылуу мобилизациялоону андан ары ишке ашыруу;
- тармактар боюнча айылдык ишкерлердин ассоциацияларын түзүү жана тармактар аралык кооперациялардын системасын өнүктүрүү;
- айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөргө билим берүү, консультациялык жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү, консультациялык кызматтардын тармактарын кеңейтүү, агро техника, өндүрүш технологиясы, агробизнес, кол өнөрчүлүк боюнча колдонмо билимдерди жер-жерлерде берүү жолу менен колдоо көрсөтүү;
- пайдаланылбаган айдоо жерлерди айыл чарбалык жүгүртүүлөргө тартууга багытталган чараларды иштеп чыгуу жана жүргүзүү.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда жана тамак-аш продукцияларын өндүрүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүү боюнча иш-чараларды ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын кайра бөлүштүрүү болжолдонууда.

«Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык азык-түлүк товарларынын запасына, ресурсуна жана тамак-аш азыктарына бааны мамлекеттик контролдоо, ошондой эле экспорттук-импорттук алымдарды оперативдүү жөнгө салуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү каралган.

Оперативдүү жеткирүү жана бөлүштүрүү үчүн азык-түлүк товарларын сактоо пункттары аныкталат. Азык-түлүк коопсуздугун мониторингдөөнүн натыйжалуу системасын киргизүү болжолдонууда.

## Курулуш

Курулуш башка секторлордо туруктуу өсүү үчүн керектүү өбөлгөлөрдү түзө турган Кыргыз Республикасынын экономикасынын бирден бир базалык сектору болуп эсептелет. Курулуштагы негизги артыкчылыктуу багыттар болуп турак жай курулушунун объекттери, транспорт жана байланыш, энергетика, инфраструктуралар жана иштетүү өнөр жайлары эсептелет.

Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушу республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен улантылат. Камбар-Ата-2 ГЭСинин биринчи агрегатын 2009-жылдын аягында ишке киргизүү болжолдонууда.

Жол куруу жана калыбына келтирүү жагында коштоочу инфраструктураларды куруу менен улуттар аралык коридорлордун – Ош-Сары-Таш-Эркечтам, Бишкек-Нарын-Торугарт, Эркечтам-Сары-Таш-Карамык, Каракол-Түп-Кеген участоктору артыкчылыктуу болуп кала берет. Аталган долбоорлор республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен биринчи кезекте каржыланат.

Кен казуу жана энергетика тармактарынын, социалдык чөйрөлөрдүн объекттерин, ошондой эле турак-жай куруу улантылат.

2009-жылы курулуш тармагынын негизги артыкчылыктары төмөнкүлөр болуп калат:

- «2008-2010-жылдарга Кыргыз Республикасында турак жай курулушунун Улуттук програмасын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 26-ноябрындагы № 562 токтому менен бекитилген 2008-2010-жылдарга Кыргыз Республикасында турак-жай курулушунун Улуттук программасын ишке ашыруу;
- натыйжалуу турак жай рыногун жана турак жайга жетишүүнү камсыз кылуучу финансылык механизмдерди өнүктүрүү, ошондой эле белгиленген социалдык стандарттардын чегинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен турак жай шарттарын жакшыртууда жакыр жарандарга колдоо көрсөтүү;
- энергетикалык комплекстин, транспорт, айыл чарбасынын, өнөр жайынын, кызмат көрсөтүү чөйрөлөрүнүн объекттерин куруу жана реконструкциялоону улантуу;
- турак жай курулушун кеңейтүү жана турак жайларды реконструкциялоо;
- турак жай курулушу жагында ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү.

## Транспорттук инфраструктура

Транспорт секторун өнүктүрүүнүн артыкчылыктагы багыттары төмөнкүлөр болот: эл аралык транзиттик-транспорттук коридорлорду натыйжалуу пайдалануу; эл аралык транспорттук тармактарга жуурулушуу; транспорттук-коммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын дүйнөлүк стандартка жакындатуу максатында темир жол жана автоунаа жолдорун реконструкциялоо; аба каттамдарынын коопсуздугун камсыз кылуу.

Республиканын транспорт тармагын өнүктүрүү максатында транспорттук кызмат көрсөтүүнү андан ары өнүктүрүүнүн жагымдуу шарттарын караган Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин коллегиясынын 2008-жылдын 25-декабрындагы № 22 токтому менен бекитилген Автомобилдик транспортту 3 жылдык мезгилге өнүктүрүү програмасын иштелип чыккан.

2009-жылы транспорттук кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү жана өлкөнүн транспорттук тармактарын кеңейтүү жагында рыноктук экономиканын шартына жооп бере турган республиканын транспорттук комплексин түзүү улантылат. Бул максатта башкаруунун мамлекеттик органдарынын иши төмөнкүлөргө багытталат:

- транспорттун бардык түрлөрүнүн иштөөсүн жана өнүгүүсүн координациялоо деңгээлин жогорулатуу, логистикалык товар өткөрүү системасынын жана эл аралык транспорттук коридорлордун чегинде ташууларды уюштуруу учурунда жүк ээлеринин ортосундагы өз ара аракетин жакшыртууга;
- автоунаа жолдоруна акы төлөөнү киргизүү үчүн ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууга;
- өлкөнүн транспорттук транзиттик күч-кубатын арттырууга;
- автоунаа жолдорунун ички тармактарын сактап калууга жана жакшыртууга;
- аба кемелеринин ата мекендик авиаташуучуларынын паркын жаңылоого;
- «Ысык-Көл» жана «Ош» эл аралык аэропортторун реконструкциялоого;
- эскилиги жеткен аэронавигациялык жабдууларды алмаштырууга;
- Кытай-Кыргыз-Өзбек темир жол магистралын куруу долбоорун ишке ашыруу боюнча ишти жандандырууга.

**Инвестициялык саясат**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын инвестициялык климатын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлөт. Финансы системаларын ишенимдүүлүгүн арттыруу жана бизнес-жамааттар жана инвесторлор тарабынан банктын ага болгон ишенимди жогорулатуу максатында өлкөнүн финансы системасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылат

Туруксуз экономикалык кырдаалдын шартында өлкөнүн экономикасына салынган инвестициялардын сакталып калуусу өзгөчө маанилүү болуп эсептелет. Келечекте өлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүнүн негизги орчундуу шарты болуп инвестициялык климатты дайыма жакшыртуу эсептелиши керек. 2009-жылы тике инвестицияларды тартуу жана жылдыруу жагындагы экономикалык саясатты жүргүзүүнү камсыз кылуу рынокко багытталган реформаларды жүргүзүүгө, инвесторлор үчүн болгон тоскоолдуктарды четтетүү жана айрыкча жагымдуу ишкер чөйрөнү камсыз кылуу максатында инвестициялык режимди сезилээрлик эркин кол берүүгө багытталат. Бул максат үчүн төмөнкү багыттар боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылат:

- инвесторлордун укугун коргоону жана капиталдык салымдар менен байланышкан мүмкүн болуучу тобокелдиктерди кыскартууну камсыз кылууга тартылган, түз инвестицияларды тартуу чөйрөсүндө ченемдик укуктук базаны түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен башка мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы инвестицияларды колдоо жана коргоо жөнүндө Макулдашууга кол коюу боюнча иштердин долбоорлорун даярдоо жана жүргүзүү;
- мамлекет-жеке менчик өнөктөштүгүнүн механизмдерин натыйжалуу киргизүү, мамлекеттик маанидеги долбоорлорду ишке ашырууга бизнести кеңири тартуу, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууда мамлекет менен бизнестин ортосундагы тобокелдикти адилеттик менен бөлүштүрүү боюнча иштерди жүргүзүү;
- өлкөнүн эл аралык кадыр-баркын, анын ичинде Дүйнөлүк банктын «Бизнес жүргүзүү» аттуу отчету боюнча кадыр-баркын жакшыртуунун түп-тамырынан берки реформасын ишке ашыруу боюнча иштерди улантуу;
- Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги чет өлкөлүк, дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери менен өлкөнүн оң кадыр-баркын түзүү, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөр менен соода-экономикалык байланыштарын өнүктүрүү жана кеңейтүү, республиканын экономикасына чет өлкөлүк инвестициялардын келишин көбөйтүү үчүн кызматташууну күчөтүү;

- республиканын экономикасынын артыкчылыктагы тармактарына тике инвестицияларды тартуу үчүн инвестициялык долбоорлордун пакетин түзүү жана натыйжалуу жылдыруу;
- бизнес-форумдарды даярдоо жана өткөрүү, Кыргыз Республикасынын инвестициялык жагымдуулугун жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңири чагылдыруу үчүнэл аралык инвестициялык форумдарга активдүү катышуу;
- инвесторлорго Кыргызстанда бизнес жүргүзүүнүн эрежелери жана түрлөрү, мамлекет тарабынан берилүүчү кепилдиктер, салык режими, лицензиялоо жана башка көптөгөн жөнгө салуунун чөйрөлөрү боюнча керектүү маалыматтарды жана консультацияларды берүү.

## Социалдык саясат

Кризистин пайда болушунун терс таасирлери негизинен калктын аз камсыз болгон, корголбогон катмарына тийет. Бул шартта өлкөнүн калкын социалдык жактан коргоону камсыз кылууда жана жардам көрсөтүүдө мамлекеттин социалдык саясаты өзгөчө маанилүү.

Социалдык саясаттын негизги чаралары жакырчылыктын көйгөйлөрүн чечүүгө, калктын социалдык жактан сапаттуу кызматтарына жетишүүсүн жогорулатууга багытталат. Бул максатта социалдык өнүгүүнүн бардык жааттарында реформалар улантылат.

Социалдык чөйрөдө даректүү социалдык жардам көрсөтүүнүн эсебинен калктын аз камсыз болгон катмарына баалардын өсүшүнүн таасирин төмөндөтүү боюнча мамлекеттик башкаруу органдарынын иши күчөтүлөт.

Социалдык саясат аз камсыз болгон калктын социалдык жактан коргоо жана социалдык камсыздандыруу системасына жетишүүсү аркылуу ишке ашырылат. Өзгөчө көңүл калктын муктаж болгон-аз камсыз катмарын, жарандардын социалдык жактан аялуу категорияларынын социалдык жактан корголушун камсыз кылууга бурулат.

Социалдык жактан коргоого алынбаган калктын жашоо-тиричилигин жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр боюнча иштер улантылат:

- калктын мамлекеттик колдоого муктаждыгын аныктоонун методологиясын өркүндөтүү;
- мамлекеттин социалдык кепилдиктерин толук жана өз убагында каржылоо;
- социалдык жактан коргоонун жана социалдык камсыздандыруунун системасынын натыйжалуулугун арттыруу;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн системасын өнүктүрүү;
- пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу;
- пенсиянын орточо көлөмүн көбөйтүү;
- бюджеттик чөйрөнүн кызматчыларына эмгекке акы төлөө шартын өркүндөтүү.

Калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө:

- жумушсуздуктун деңгээлин кыскартуу;
- иш менен камсыз кылуу саясаты (коомдук акы төлөнүүчү жумуштар, чакан кредиттөө жана кесипке үйрөтүү) боюнча активдүү иш-чараларга жумушсуздарды максималдуу тартуу.

## Региондорду өнүктүрүү

Экономикалык саясатты ишке ашыруу боюнча маанилүү багыт региондорду өнүктүрүү жана мамлекеттик региондук саясатты өркүндөтүү болуп эсептелет. Бул максатта мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатууну камсыз кылууга арналган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик региондук саясатынын концепциясын кабыл алуу каралууда. Региондук саясат тийиштүү ченемдик укуктук

актыларда бекемделет, экономикалык округдар (өсүү орду) түзүлөт, мамлекеттик башкаруунун (борбордук органдар, округдар (аймактар) жана айыл өкмөттөрү) үч баскычтуу структурасы ишке ашырылат, мамлекеттик башкарууга бюджеттик чыгымдар кыскартылат; региондордун тегиз өнүгүүсү жана алардын дотациялуулугун минимумга жеткирүү камсыз кылынат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 11-мартындагы № 171 «Мамлекеттик региондук саясаттын концепциясы жөнүндө» токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик региондук саясатын концепциясы кабыл алынып, региондордогу колдо болгон бардык ресурстарды реалдуу баалоого, белгиленген ири жана чакан инвестициялык долбоорлорду аткарууга мүмкүнчүлүк берет, бул региондорду жана бүтүндөй өлкөнү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарт түзүүгө көмөк көрсөтөт. Бардыгы болуп аткарууга 1525 инвестициялык долбоор кабыл алынып, анын ичинен 527 долбоор социалдык багытта болуп эсептелет. Алардын бардыгы финансылык жана башка керектүү ресурстар менен камсыз кылынган.

Региондорду өнүктүрүү финансылык, азык-түлүк жана энергетикалык кризистердин кесепеттери менен байланышкан көптөгөн маселелерди чечүүгө өбөлгө түзөт